Тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августундагы № 441 токтомуна)*

# Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарын уюштуруу жана аларды көрсөтүү ТАРТИБИ

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-декабрындагы № 692, КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 419 токтомдорунун редакцияларына ылайык)*

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Тартип менчигинин түрүнө карабастан, жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруучу орган менен гемодиализ кызматтарын көрсөтүүгө келишим түзүшкөн саламаттык сактоо уюмдары тарабынан бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарынын уюштурулушун жана алардын көрсөтүлүшүн аныктайт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 419 токтомунун редакциясына ылайык)*

2. Ушул Тартип жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруучу органдын аймактык башкармалыктары менен бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарын көрсөтүүгө келишимдерди түзүшкөн мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарына жана жеке менчик саламаттык сактоо уюмдарына жайылтылат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 419 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 2. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализ кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары

3. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтары стационардык/күндүзгү стационардык шарттарда гемодиализ кызматтарын көрсөтүүгө лицензия алышкан мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдары жана жеке менчик саламаттык сактоо уюмдары (мындан ары - саламаттык сактоо уюмдары) тарабынан көрсөтүлөт.

4. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга менчигинин түрүнө жана анын аймактык жайгашуусуна карабастан гемодиализ кызматтарын көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарын эркин тандоо укугу берилет.

5. Саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан:

- өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандардын тизмеси электрондук кезек формасында түзүлөт;

- өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандардын "Бирдиктүү регистр" жалпы маалыматтар базасы жүргүзүлөт.

6. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандардын тизмесин бекитүү атайын комиссия тарабынан туруктуу негизде жүргүзүлөт. Аталган комиссиянын курамы жана иш

тартиби саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен бекитилет.

7. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандардын жаңыланган кезектүүлүк тизмелери саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтына жайгаштырылат.

8. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандар үчүн гемодиализдин сеанстарынын саны саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилүүчү Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга медициналык жардам көрсөтүү боюнча стандарттарга ылайык оорулуулардын ден соолугунун абалынын ордугуна жараша аныкталат.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-декабрындагы № 692 токтомунун редакциясына ылайык)*

*9. (КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-декабрындагы № 692 токтомуна ылайык күчүн жоготту)*

## 3. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарын көрсөтүү үчүн акы төлөө тартиби

10. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарын көрсөтүү үчүн акы республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

11. Жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруучу орган бюджеттик мыйзамдарга ылайык гемодиализ кызматтарын көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарын каржылайт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 419 токтомунун редакциясына ылайык)*

12. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарын көрсөтүү үчүн акы бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарын көрсөтүү шарттарын жана көлөмүн камтыган келишимдин негизинде төлөнөт.

Келишимдин типтүү формасы саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.

13. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарын көрсөтүү үчүн саламаттык сактоо уюмдарына акы төлөө жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан таризделген жана ырасталган документтердин негизинде, отчеттук мезгил аяктагандан кийин (эки жума) үч жумуш күндүн ичинде саламаттык сактоо уюмунун алыш-бериш эсебине каражаттарды которуу жолу менен жүргүзүлөт.

14. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга саламаттык сактоо уюму менен түзүлгөн келишимде аныкталган сандан ашык көрсөтүлгөн гемодиализ кызматтары үчүн акы төлөнбөйт.

## 4. Бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарын көрсөтүүнүн сапатын контролдоо

15. Саламаттык сактоо уюмдары тарабынан бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга көрсөтүлүүчү гемодиализ кызматтарынын сапатын контролдоо жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруучу орган тарабынан ишке ашырылат, анын жыйынтыгы боюнча келишимде белгиленген мөөнөттө медициналык экспертиза актысы түзүлөт.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 419 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 5. Тараптардын жоопкерчилиги жана финансы каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын контролдоо

16. Саламаттык сактоо уюмдары менчигинин түрүнө карабастан төмөнкүлөр үчүн жооптуу болуп саналышат:

- бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга гемодиализ кызматтарынын өз убагында жана сапаттуу көрсөтүлүшү;

- бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга өткөрүлгөн гемодиализ сеанстарынын саны жөнүндө маалыматтардын аныктыгы;

- бир календардык айдын ичинде бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандарга көрсөтүлгөн гемодиализ кызматтарына төлөнүүчү сумма;

- бешинчи баскычтагы өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги менен ооругандын ким экендигин ырастоочу идентификациялык формалардын толтурулушу;

- каражаттардын максаттуу пайдаланылышы.

17. Жарандарды базалык мамлекеттик жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруучу орган каражаттардын максаттуу багытталышы жана тариздөлгөн жана ырасталган документтер боюнча саламаттык сактоо уюмдарына өз убагында акы төлөө үчүн белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 419 токтомунун редакциясына ылайык)*

Приложение

*(к постановлению*
*Правительства Кыргызской*
*Республики*
*от 29 августа 2019 года № 441)*

# ПОРЯДОК
# организации и осуществления услуг гемодиализа для больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии

*(В редакции постановлений Правительства КР от 18 декабря 2019 года № 692, Кабинета Министров КР от 23 августа 2023 года № 419)*

## 1. Общие положения

1. Настоящий Порядок определяет организацию и осуществление услуг гемодиализа для больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии организациями здравоохранения, независимо от формы собственности, заключившими договор на предоставление услуг гемодиализа с исполнительным органом, реализующим государственную политику в области базового государственного и обязательного медицинского страхования граждан.

*(В редакции постановления Кабинета Министров КР от 23 августа 2023 года № 419)*

2. Настоящий Порядок распространяется на государственные организации здравоохранения и частные организации здравоохранения, заключившие договоры на предоставление услуг гемодиализа для больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии с территориальными управлениями исполнительного органа, реализующего государственную политику в области базового государственного и обязательного медицинского страхования граждан.

*(В редакции постановления Кабинета Министров КР от 23 августа 2023 года № 419)*

## 2. Условия предоставления услуг гемодиализа для больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии

3. Услуги гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии предоставляются государственными организациями здравоохранения и частными организациями здравоохранения (далее - организации здравоохранения), получившими лицензию на предоставление услуг гемодиализа, в условиях стационара/дневного стационара.

4. Больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии предоставляется право свободного выбора организации здравоохранения, предоставляющей услуги гемодиализа, независимо от формы собственности и ее территориального расположения.

5. Уполномоченным государственным органом в области здравоохранения:

- формируются списки больных с хронической почечной недостаточностью в форме электронной очереди;

- осуществляется ведение общей базы данных больных с хронической почечной недостаточностью "Единый регистр".

6. Утверждение списков больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии производится на регулярной основе специальной комиссией. Состав и порядок работы

специальной комиссии утверждаются решением уполномоченного государственного органа в области здравоохранения.

7. Обновленные списки очередности больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии размещаются на сайте уполномоченного государственного органа в области здравоохранения.

8. Количество сеансов гемодиализа для больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии определяется в зависимости от тяжести состояния здоровья больных, в соответствии со стандартами по оказанию медицинской помощи больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии, утверждаемыми уполномоченным государственным органом в области здравоохранения.

*(В редакции постановления Правительства КР от 18 декабря 2019 года № 692)*

*9. (Утратил силу в соответствии с постановлением Правительства КР от 18 декабря 2019 года № 692)*

## 3. Порядок оплаты за предоставление услуг гемодиализа для больных с хронической почечной недостаточностью пятой стадии

10. Оплата за предоставление услуг гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии осуществляется за счет средств республиканского бюджета.

11. Исполнительный орган, реализующий государственную политику в области базового государственного и обязательного медицинского страхования граждан, финансирует организации здравоохранения, предоставляющие услуги гемодиализа, в соответствии с бюджетным законодательством.

*(В редакции постановления Кабинета Министров КР от 23 августа 2023 года № 419)*

12. Оплата за предоставление услуг гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии осуществляется на основании договора, который содержит условия и объем оказания услуг гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии.

Типовая форма договора утверждается уполномоченным государственным органом в области здравоохранения и уполномоченным государственным органом, реализующим государственную политику в области базового государственного и обязательного медицинского страхования граждан.

13. Оплата за оказанные услуги гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии организациям здравоохранения производится уполномоченным государственным органом, реализующим государственную политику в области базового государственного и обязательного медицинского страхования граждан, на основании оформленных и подтвержденных документов, в течение трех рабочих дней по завершении отчетного периода (две недели), путем перечисления средств на расчетный счет организации здравоохранения.

14. Оплата не производится за услуги гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии, предоставленные свыше количества, определенного в договоре, заключенном с организацией здравоохранения.

## 4. Контроль качества предоставления услуг гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии

15. Контроль качества предоставляемых услуг гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии организациями здравоохранения осуществляется исполнительным органом, реализующим государственную политику в области базового

государственного и обязательного медицинского страхования граждан, по итогам которого составляется акт медицинской экспертизы, в сроки, установленные договором.

*(В редакции постановления Кабинета Министров КР от 23 августа 2023 года № 419)*

## 5. Ответственность сторон и контроль целевого использования финансовых средств

16. Организации здравоохранения, независимо от формы собственности, являются ответственными за:

- своевременность и качество предоставления услуг гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии;

- достоверность данных о количестве проведенных сеансов гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии;

- суммы возмещения за предоставленные услуги гемодиализа больным с хронической почечной недостаточностью пятой стадии в течение одного календарного месяца;

- заполнение идентификационных форм, подтверждающих личность больного с хронической почечной недостаточностью пятой стадии;

- целевое использование средств.

17. Иисполнительный орган, реализующий государственную политику в области базового государственного и обязательного медицинского страхования граждан, несет ответственность в установленном порядке за целевое направление средств и проведение своевременной оплаты организациям здравоохранения по оформленным и подтвержденным документам.

*(В редакции постановления Кабинета Министров КР от 23 августа 2023 года № 419)*